## САНЖАРБЕК ДАНИЯРОВДУН ФОНДУНУН АТАЙЫН СЫЙЛЫГЫНЫН БОЛЖОЛДУУ ПРОГРАММАСЫ

Сынактын лауреаттарынын 3 классынын окуучуларынын маданий-маалымат арттыруучу саякатынын алкагында Бишкек шаарда өтүүчү экскурсиялык программасы төмөнкүдөй:

- Ала-Тоо борбордук аянтындагы мамлекеттик желектин алдындагы КР Улуттук Гвардиясынын караол алмашуу салтанатын көрүү.
- Ала-Тоо кинотеатрынын жанындагы Нөлдүк километрге баруу.
- Эмен паркындагы Ачык асман алдындагы музейди көрүү.
- Бишкек шаарынын борборундагы эстеликтерди кыдыруу жана алар жөнүндө аңгемелешүү.
- Гид менен кыргыз же орус тилинде (окуучулардын мектептеги окуу тили кыргыз же орус тилинде болгонуна жараша) Тарых музейин (музей ачык болсо) же Фрунзе музейин кыдыруу.
- Төмөндөгү балдар театрларынын репертуарына жараша театрларга баруу: М.Жангазиев атындагы Куурчак театры, Б.Кыдыкеева атындагы Жаштар театры, Ж.Сейдакматова жетектеген “Тунгуч” театры, А.Умуралиев атындагы Бишкек драма театры, Ч.Айтматов атындагы орус драма театрына баруу
- А.Малдыбаев атындагы Опера жана балет театрына экскурсия.
- ДНК балдар музейин кыдырып, экспонаттарын жана шоуну көрүү.
- Убакытка жараша Көркөм өнөр музейин (ИЗО) же Көргөзмө залын көрүү.

Программанын акыркы варианты лауреаттарга экскурсия башталар алдында театрлардын актуалдуу репертуарына жана ошол күнкү аба ырайыга жараша алымча-кошумчаланат. Окуучулардын экскурсиясын Фонддун өкүлдөрү жана ыктыярчу-гиддер коштошот.

Экскурсиянын катышуучулары Бишкекке жана кайра өз айылдарына баруу үчүн транспорт менен камсыздалышат. Бишкекке - жума күнү келишет, ал эми кайра жекшембиде, түштөн кийин кайтышат. Экскурсиялык программа ишемби күнү толугу менен жана жекшемби күндүн эртең мененкисине ылайыкташтырылган. Окуучулар жана аларды коштоп келген өкүлдөр жеке менчик мектеп интернатта жашашат (2 түн) жана тамактанышат, ага шаардагы кафе же ресторанда түштөнүү да кирет.

Фонддун директору

Асель Даниярова

САНЖАРБЕК ДАНИЯРОВДУН ФОНДУ • ФОНД САНЖАРБЕКА ДАНИЯРОВА • SANJARBEK DANIYAROV FOUNDATION
Электрондук дареги “БИРИНЧИ МУГАЛИМ” долбоорунун катышуучулары үчүн: sdkf.meldesh@gmail.com
www.daniyarov.kg